

2 1961

Кыргызстан
# АЯЛДАРЫ



А. Каренина — Б. Кыдыкеева, Сережанын ролунда — Райма Абдубачаева.

# ҮЧ АННА



А. Каренина — С. Балкыбекова, Вронскийдин ролунда — Н. Кытаев.

К. Курмановдун фотолору.

БИЗДИН үч Анна дегенибизге таң калбаңыздар. Чындыгында эле сөз үч Анна — Кыргыз драмалык театрында Анна Каренинанын ролун аткарышкан үч актриса жөнүндө болот.

Бир ролду үч актердун аткарышы сейрек учурайт. Ар бир эле театр өз коллективинен Анна Каренинага окшогон кыйын ролду аткаруучу үч актрисаны таба албайт. Мына ошондуктан буга айрыкча көңүл бурууга туура келет.

Бул факт көп нерселерди баяндайт. Баарыдан мурда театрыбыздын өсүп жетилгендигин далилдейт.

«Анна Каренина» спектакли Л. Н. Толстойдун атактуу романы боюнча жазылган. Улуу жазуучу өзүнүн чыгармасында бакытка умтулган, бирок мээримсиз, таш боор жана эки жүздүү коомдун ичинде жашагандыгынын айынан өзүн-өзү өлтүргөн жаш аялдын оор абалын баяндайт. Анна Каренина өзү жашаган чөйрөдөгүлөргө караганда чынчыл да, мээримдүү да болот. Ал эки жүздүүлүктү билбейт. Ал эми дворяндык чөйрөдө болсо ансыз жашоо мүмкүн эмес. Мына ошондуктан Анна үстөмдүк кылып жаткан таптын чөйрөсүндөгүлөрдөй эки жүздүү, таш боор болуудан өлүмдү артык көрөт.

Бул спектаклде Анна Каренинанын ролун республикабыздын эл артисткасы Бакен Кыдыкеева, эмгек сиңирген артистка Сайракул Балкыбекова жана жакында эле Москвадагы театралдык институтту бүтүрүп келген Зуура Молдобаева аткарышат.

Бакен Кыдыкееваға бул роль көп анча жаңылык эмес. Анткени, ал түзгөн образдардын бир кыйласы («Сепсиз кыздагы» Лариса, «Добулдагы» Катерина) мазмуну жагынан бири-бирине окшоп кетет. Лариса, Катерина, Анна — укук, чындык жана эркиндик үчүн күрөшкөн эрки күчтүү, өз чөйрөсүндөгүлөрдөн жогору турушкан тайманбас аялдардан болушкан. Мына ушулардын образдарын Бакен Кыдыкеева ошол доордун көлөкөсүн көрбөсө да, так өзүнлөй кылып көрсөтүүгө жетишкен.

Кыдыкееванын жаңы ролундагы — Анна Каренинадагы сырткы көрүнүш — мыкты жасалгаланган мейманкана, асемдик буюмдар, музыка бир башкача сыяктанат. Чындыгында бул дагы эле таш боордуктун, эки жүздүүлүктүн очогу. Мындагы каарманды Кыдыкеева өз сүйгөнү менен жашоо турмушка эң керектүү жана табылгыс нерсе деп эсептеген аял кылып көрсөтөт. Анна — Кыдыкеева акылдуу, чечкиндүү аял. Ал ак сөөктөр чөйрөсүнүн бардык шарттарына каршы чыгып, өз укугу жана сүйүүсү үчүн күрөшөт. Мына ушул күрөштө ал бактылуу да, капалуу да, ачуулуу да, кайраттуу да болот. Аннанын Вронский менен жолугушкандагы көрүнүштө:— мен бактылуумун! — деген сөзү айтканы анын ички сезимин билдирет. Бирок ал ат чабышта чөгүңкү жана кемсинтилген мүнөздө болот. Күйөөсүнүн кескин айтканына амалы жок макул болуп, ордунан туруп аны менен бирге басып бараткань баспай эле мойнунан жетелеп бараткандай сезилет.

Каренин менен бирге болгондогу көрүнүштөрдө Анна — Кыдыкеева көбүнчө токтоолук кылат. Бирок, анын ачуусу да келет. Үйүнө кайтып келе жаткан кездеги күйөөсүнүн үнсүз кекеткенине чыдабайт. Анна күйөөсүнө өзүнүн чын сырын чечкиндүү

түрдө тайманбай айтып, чычайган Каренинди унчуктурбай коёт.

Актрисанын ар түрдүү сезимди туудура билгени Аннанын чыныгы ички мүнөзүн ачып көрсөткөндүгүн баяндайт. Аристократтык чөйрөдөн жана күйөөсүнөн кетет, Вронский менен баш кошот, бирок анын андан көңүлү сууп калганын билгенде ал өзүн жалгыз сезет. Анын ордунда башка аял болсо, балким күйөөсү жана чөйрөсү менен кайра жарашып алат беле. Бирок Аннанын жарашууга көөнү жок эле, ошондуктан ал кемсинүүдөн көрө өлүмдү артык көрөт.

Анна Каренинанын ролун аткаруучу экинчи актриса — республикабыздын эмгек сиңирген артисткасы Сайракүл Балкыбекова. Ал бул ролду бөтөнчө мүнөз менен аткарат. Анын каарманы чөйрөнүн ага кылган адилетсиз мамилесин сезип, ага каршылык көрсөтүү менен жооп берет. Анын бул сезими кубанычтуу күлкүсү менен кезектешип турат. Мисалы, Вронский менен бирге болуп, ал сахнадан чыгып кеткенден кийин да аны элестетип жагымдуу кыялдын толкунунда болот. Олтуруп ойго чөмүлөт. Бирок ошол убакта күйөөсү кирип келгенде кубанычы жоголуп, суз боло калат. Ордунан туруп, күйөөсүнө кыжырдангандык, кайраттуулук жана каардуулук сезим менен карайт.

С. Балкыбекова көбүнчө өзүн кандайдыр түш көрүп жаткандай алып жүрөт. Бирок ойлонбой, бул түшүнөн ойгоно калган кезинде туталанып, жалаң гана күйөөсүн эмес, бүткүл чөйрөнү жек көрөт. Вронскийге өзүнүн түшүн айтып жаткан көрүнүштө, ал кайдадыр бир алыс жакта жүргөнсүйт. Бирок айтып бүтөр менен ага коркунуч пайда болот. Ал көрккөнүнан калтырап, жардам күткөндөй Вронскийге корголойт.

Актриса С. Балкыбекова бул ролдун башка аткаруучуларына караганда бир кыйла бөтөнчө сезим менен ойнойт. Анын Аннасы көп анча оор басырыктуу эмес, андан көрөкчө шамдагайыраак, кээде шашма да болуп кетет. Мисалы, анын бул жагы Вронский менен ачууланышып жаткан көрүнүштөн байкалат. Бирок С. Балкыбекова каармандын мүнөзүн негизинен терең түшүнгөн.

Аннанын ролун аткарган үчүнчү актрисанын — жаш дебютантка З. Молдобаеванын ийгилиги өтө кубандырат. Анын Аннасы — келбеттүү келген, керилген, коңур үндүү, сүйкүмдүү аял. З. Молдобаева Аннанын күйөөсүн таштап кеткендигинин себеби анын бузулгандыгында эмес эле, ал жашап жаткан чөйрө менен шартта экендигин айкындоо үчүн өзүнүн каарманынын кирсиз тазалыгын, кулк-мүнөзүнүн тууралыгын кыймыл-аракети аркылуу ачык бере алган. Жаракөр, сезгич жана өз абалы жөнүндө тынчы кеткен аял — Анна — Молдобаева мына ушундай.

Актрисанын ойнунун мыкты жагын көрсөткөн бир көрүнүштү алалы. Күйөөсүнүн айтып жаткан акыл-насаатын Анна адегенде туруп туруп угат, анан анын күңгүрөп чыккан үнүнөн жадап кеткендей, креслого олтурат да, көңүлү калбасын дегенсип тигинин айткандарын уга берет. Ошондуктан, анын күйөөсүнө: «О кудаяй, мен эч нерсеге түшүнбөйм» деп айтканы ушунчалык ишенерлик угулат. Күйөөсү кеткенден кийин Анна: «Сүйөбү?.. Ооба, чын эле ал сүйөбү? Кеч... өтө кеч!» деп көңүлсүз сүйлөйт. Бул



А. Каренина — З. Молдобаева, А. Каренин — А. Көбөгөнов.
Б. Борисовдун фотосу.

сөздү ал адегенде акырын айтат, анан ага көп маани берип, чечкиндүү кайталайт.

Каренина — Молдобаева өзүнө жогору баа берет. Оор минутада да ал башын жерге салып, шылкыйбайт. Актриса өзүнүн каарманын абийирдүү, арнамыстуу аял кылып көрсөтөт.

* * *

Үч Анна. Анын ар бири бири-бирин кайталабай, туурабай сценалык образ түзүү менен каармандын негизги мүнөзүн устаттык менен ачып көрсөтүшкөн.

Спектакль эчак эле бүткөн. Залдагы, коридорлордогу жарыктар өчүп, караңгы. Актёрлор кийинип, гримденишчү бөлмөлөр гана узакка чейин жарык болуп турат.

Эгер бүгүн Сайракүл Балкыбекова ойносо, башка көрүүчүлөр менен бирге залда Бакен Кыдыкеева жана Зуура Молдобаева анын аткарганын карап олтурушат. Спектакль бүткөндөн кийин алар келишип, өздөрүнүн ой-пикирлерин айтышат. Ойноонун майда-барат тетиктерине чейин талкууга алышы алардын дагы мыкты ойноого умтулгандыктарын далилдейт.

Советтик артисттер бири-бирине кол кабышта жашап жана эмгектенишет. Бирөөнүн ийгилиги экинчисин кубандырат. Ал эми бүгүнкү күндө бир ролду үч актрисанын аткарышы бүт театрдын коллективин кубандырат.

**Дмитрий БРУДНЫЙ.**